УДК 940.5:958:327.7
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-490-495

**ШАРШЕНБЕК КЫЗЫ А., САДЫКОВА А.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ШАРШЕНБЕК КЫЗЫ А., САДЫКОВА А.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**SHARSENBEK KYZY A., SADYKOVA A.**
KNU J. Balasagyn

# АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН КЫТАЙДЫН ОРТОСУНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШУУСУ

## СОТРУДНИЧЕСТВО КЫРГЫЗСТАНА И КИТАЯ В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ НА СОВРЕМЕННОМ ЭТАПЕ

## KYRGYZ - CHINESE COOPERATION IN EDUCATION: CURRENT TRENDS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы азыркы мезгилдеги билим берүү тармагындагы кызматташтыгы иликтөөгө алынды. Замандын талабына ылайык, мамлекеттердин ортосундагы байланыштардагы билим берүү алкагындагы мамилелердин орду көрсөтүлдү. Эки мамлекеттин ортосундагы эки тараптуу кызматташуунун алкагындагы билим берүү багытындагы долбоорлор, анын ичинде Кытай Эл Республикасынын өкмөтүнүн жүргүзгөн «жумшак күч» саясатынын куралы катары саналган Кыргызстандагы Конфуций институттары, алардын аткарган иштери, эки өлкөнүн ортосундагы академиялык мобилдүүлүк баяндалды. Ошондой эле макалада Кыргыз Республикасы Кытай Эл Республикасы менен тең катар мүчө болуп саналган Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы көп тараптуу билим берүү багытындагы алакалар, уюмдун университетинин билим берүү тармагындагы ишмердүүлүгү, түйүндүк университеттин алкагындагы учурдун талаптарына жооп берген адистерди даярдоолор каралды.

**Аннотация:** В статье исследуется сотрудничество Кыргызской Республики и Китайской Народной Республики в области образования на современном этапе. Указывается место и роль образовательных связей между государствами в соответствии с требованиями современных международных отношений. Рассматриваются образовательные проекты в рамках двустороннего сотрудничества между странами, в том числе институты Конфуция в Кыргызстане, являющиеся инструментом «мягкой силы» в культурной дипломатии Китая, деятельность институтов Конфуция и академическая мобильность между двумя странами. Также в статье рассмотрены многосторонние образовательные связи Кыргызской Республики и Китайской Народной Республики в рамках Шанхайской организации сотрудничества, деятельность университета ШОС, подготовка специалистов, отвечающих современным требованиям в рамках сетевого университета.

**Abstract:** This article explores the cooperation between the Kyrgyz Republic and the People's Republic of China in the field of education. It highlights the role and significance of educational ties between the two countries in the context of international relations. The study examines educational projects within the framework of bilateral cooperation, including the activities of Confucius Institutes in Kyrgyzstan as instruments of China's "soft power" in cultural diplomacy, as well as academic mobility between the two nations. Furthermore, the article discusses multilateral educational cooperation between the Kyrgyz Republic and China within the framework of the Shanghai Cooperation Organization (SCO), including the activities of the SCO University and the training of specialists who meet contemporary professional standards as part of the SCO University network.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан; Кытай; билим берүү тармагы; кызматташтык; Конфуций институттары.

**Ключевые слова:** Кыргызстан; Китай; сфера образования; сотрудничество; институты Конфуция.

**Keywords:** Kyrgyzstan; China; education; cooperation; Confucius Institutes.

Учурдун талабына ылайык, эл аралык мамилелерде саясий жана экономикалык гана багыттагы алакалар эмес, маданий – гуманитардык, анын ичинде билим берүү жана илим тармактарындагы кызматташтык да маанилүү экендигин эске алуу зарыл. [1, 56-б.] Азыркы учурда эл аралык мамилелерде эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыкта билим берүү багытындагы алакалар да алдыңкы позицияны ээлейт.

Башка бир мамлекетте билим алып жатып, ал өлкөнүн маданияты менен таанышуу, ал элдин тилин, дилин жана жалпы маданиятын билүү аркылуу толеранттуу мамиле калыптанат. Натыйжада элдердин, улуттардын ортосунда бири бирине болгон ишеним пайда болот деп айтууга болот.

Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы билим берүү жана илим тармактарындагы эки тараптуу кызматташууну Кыргызстан активдүү колдоого алып келген. Мисалга алсак, 2002-ж. Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда «Билим деңгээли жана окумуштуулук даражалары жөнүндөгү» документтердин эки тараптуу таанылышы тууралуу макулдашууга кол коюлуп, натыйжада алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Кытай биз менен мындай макулдашууга барган биринчи өлкө болгон. [2, 42-б.] Кытай Эл Республикасынын Мамлекеттик кеңешинин премьери Вэнь Цзябао 2004-ж. 21-22-сентябрында Бишкекке расмий сапары менен келгенде бир катар документтерге кол коюлган. Алардын ичинен саясий, экономикалык жана маданий-гуманитардык тармактарындагы, алардын ичинде билим берүү тармагын камтыган "Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы 2004-2014-жылдарга карата түзүлгөн кызматташуунун программасын" айтсак болот. [3, с.177]

Кытай өкмөтү "жумшак күч" саясатын ишке ашырууда, "маданий дипломатиясын" жайылтуунун негизинде Кыргызстандын аймагында билим берүү чөйрөсүнө грант түрүндө активдүү инвестицияларды салууда. Инвестициялар кытай тилин тереӊ үйрөтүү максатында мектептерди курууга жана институттарды ачууга каржыланууда. Себеби, “жумшак күчтүн” мазмундук категориясынын негизги аспектилери болуп – маданий, маалыматтык жана билим берүү факторлору саналат.

2002-ж. сентябрь айында Борбордук Азия өлкөлөрүнөн алгачкы болуп ачылган Кыргызстандын К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетиги (К. Карасаев атындагы БМУ) кытай тилин үйрөтүүчү борбор жана 2004-ж. кыргыз-кытай факультетин айтууга болот. [4] Ал эми "Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы 2004-2014-жылдарга карата түзүлгөн кызматташуунун программасынын" негизинде, Кытай Борбордук Азия өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда кытай тилин үйрөнүү программасы боюнча борборлорду ачуу жана Кытайдын Түндүк – Батыш университетинде окутуучуларды даярдоо боюнча программасын түзгөн. [5] Эки өлкөнүн гуманитардык тармактардагы кызматташтыгын мындан ары өнүктүрүү, тереңдетүү, достукту жана жакшы коңшулук мамилелерди чыңдоо максатында Кыргызстандын аймагында Конфуций институттарын (КИ) ачуу сунушталган. Кыргызстанда Конфуций институттарын ачуу тууралуу макулдашуулар 2007-жылы Бишкекте өткөн Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) саммитинин алдында Кытай Эл Республикасынын төрагасы Ху Цзинтаонун өлкөбүзгө болгон иш сапарынын алкагында жүргүзүлгөн. Конфуций институтун түзүү боюнча макулдашууга расмий кол коюу аземи 2007-жылдын 27- октябрында болуп өткөн. [6, с. 231]

Кыргызстандагы Конфуций институттары

| | Кыргызстандын ЖОЖдорундагы Конфуций институттары | Кытай тараптан кызматташкан университет | Келишимге кол коюулган күнү | Ачылган күнү |
|---|---|---|---|---|
| | Бишкек Мамлекеттик университеттеги КИ | Синьцзян университети | 26.10.2007 | 15.06.2008 |
| | Кыргыз улуттук университетиндеги КИ | Синьцзян педагогикалык университети | 26.10.2007 | 14.05.2009 |
| | Ош мамлекеттик университетиндеги КИ | Синьцзян педагогикалык университети | 23.01.2013 | 20.06.2013 |
| | Жалал-Абад мамлекеттик | Синьцзян | 04. 2016 | 26.12.2016 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | университетиндеги КИ | университети | | |

1-таблицада берилгендей 2007-жылы Кыргызстандын билим берүү жана илим министри Ишенкүл Болжурова менен Кытай Эл Республикасынын Кыргызстандагы толук ыйгарым укуктуу элчиси Чжан Яньнян Кыргызстанда Конфуций институтун түзүү максатында келишимге кол коюшкан. Ал эми 2008-жылы К. Карасаев атындагы БМУнун алдында Конфуций институтунун салтанаттуу ачылышы болуп өткөн. [7] Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде (Ж. Баласагын атындагы КУУ) 2009-жылы Конфуций институту ачылган. [8] 2013-жылы кытай тилин жана маданиятын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик башкармалык менен Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) ортосундагы келишимдин натыйжасында ОшМУнун алдында Конфуций институту түзүлгөн. [9] 2016-жылдын декабрь айында эки өлкө ортосундагы стратегиялык кызматташтыкты чыңдоо тууралуу декларациянын, Синьцзян менен Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (ЖАГУ) ортосундагы Ханьбан келишиминин негизинде Конфуций институту ачылган. [10, с. 28] 2007-ж. бери институттар толук түрдө Пекин тарабынан каржыланып келет.

Конфуций институттары кытай тилин чет өлкөлөрдө жайылтуучу негизги орган болуп саналат. Кытай Эл Республикасы Конфуций институттары жана башка билим берүү долбоорлору аркылуу тийиштүү финансылык каражаттарды бөлүү менен студенттик мобилдүүлүк программаларын активдүү өнүктүрүүдө. Студенттерге бюджеттик орундар гана берилбестен, окуу чөйрөсүн эске алуу менен 200–330 АКШ доллары өлчөмүндө стипендия да берилип келет. Аталган институттарынын ишмердүүлүгүнүн айырмалоочу өзгөчөлүгү болуп заманбап технологияларды кеңири колдонуу саналат. Мындан тышкары, институттардын аудиторияларында окутуу процессин уюштурууда ар кандай мультимедиялык каражаттарды пайдалануу, анын ичинде компьютерлерди жана лингафон бөлмөлөрүн кеңири колдонууда гана эмес, ошондой эле маалыматтык коммуникациялык ресурстарын колдонуу менен окутуунун ар кандай методикаларын колдонууда да байкалат. [11, с.102]

2016-жылдан бери Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасы Конфуций институтунун колдоосу менен сегиз айлык кытай тили курсун акысыз өткөрүп келет. 2020-2022-жж. Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министри болуп иштеген Р.А. Казакбаевдин Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын дипломатиялык алакаларынын 30 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциядагы докладына ылайык, курстар орто мектеп окуучуларына, студенттерге жана жаш илимпоздорго арналган. 2017-жылы Кытай инвестициясы менен курулган Бишкекте Кытай тилин тереңдетип окуткан жаңы мектеп ачылган. [12, с.135] Акыркы үч жылдын ичинде 4 жогорку окуу жайы жана 9 уюм "Кытай таануу" адистиги боюнча окутуу укугуна уруксат алышкан. [13]

Өлкөнүн жогорку окуу жайларында кытай тилин үйрөнүп жаткан жаштардын саны жыл сайын көбөйүүдө. 2019-ж. маалымат боюнча Кытайда окуган кыргыз студенттеринин саны 4000 жеткен. Ал эми, Кыргызстандын ЖОЖдорунда, анын ичинде, К. Карасаев атындагы БМУда кытай тилин окуган студентердин саны 2000ге жакын деп маалымат берилсе, Ж. Баласагын атындагы КУУнун Кыргыз-Кытай факультетинде 1200 жеткен деп берилет. [13]

Ал эми, 2019-жылдын сентябрь айынын аягында 158 мамлекетте 535 Конфуций институту ачылып, 1134 Конфуций классы катталган болсо, [14] алардын ичинен Кыргызстанда 4 институт жана 21 Конфуций классы иш алып барууда. [15, с. 147] Республиканын бардык аймагында 65 Кытай мектеби, кытай тилин окутуу боюнча 65 тил курсу, анын ичинен 37си Бишкекте жайгашкан. [16, с. 81-82] Институт жыл сайын Кыргызстандын 600дөн ашык жаранын Кытайга жөнөтөт жана 800 кытай тили мугалими үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруп келет. [13] Мындан тышкары, 2021-жылы Ж. Баласагын атындагы КУУда Жибек Жолу институту ачылган.

Кытай тилин өздөштүргөн жарандардын көбөйүшүнө себеп катары:

- көптөгөн жаштар келечектеги кесибин, жумушун жана киреше булактарын Кытай менен байланыштырышын;
- географиялык жайгашуунун жакындыгын, өнүккөн инфраструктура системасы сыяктуу көптөгөн факторлорду алсак болот.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл республикасынын ортосундагы билим берүү багытындагы кызматташуу көп тараптуу багытта да ишке ашып келүүдө. Алсак, 2001-жылы коопсуздук тармагында ишмердүүлүгүн баштаган Шанхай кызматташтык уюмунун ишмердүүлүгүнүн келечектүү багыттарынын бири жогорку билим берүү тармагы болуп саналат. Уюмга мүчө мамлекеттер бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү демилгесин көтөрүшкөн. Мисалга алсак, 2006-жылдын 15-июнундагы Шанхай саммиттинин натыйжасында кабыл алынган билим берүү багытындагы кызматташуу жөнүндөгү келишими. [17] Келишимге ылайык мүчө мамлекеттердин ортосунда аталган тармактагы мамилелер өнүгө баштаган.

Шанхай кызматташтык уюмунун алкагында 2006-ж. 18-октябрында [18] кабыл алынган 21 беренеден турган келишимдин негизинде мүчө мамлекеттер, анын ичинде Кыргызстан менен Кытай өздөрүнүн мыйзамдарына ылайык билим берүү багытында көп тараптуу кызматташууну ишке ашырып келүүдө. Келишимде:

❖ ШКУнун мамлекеттеринде билим берүү тармагында жүргүзүлүп жаткан реформалар жөнүндө тажрыйба жана маалымат менен алмашуу;

❖ Билим берүү жаатында интеграциялык процесстерди өнүктүрүү жана бул максаттарда уюмга катышкан мамлекеттердин билим берүү жаатындагы саясат маселелери боюнча маалыматтык жана ченемдик базаны түзүү;

❖ ШКУга мүчө мамлекеттердин билим берүү мекемелеринин, уюмдарынын окуп жаткандары жана илимий-педагогикалык кызматкерлери менен өз ара алмашуу;

❖ Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жаатындагы кызматташуу;

❖ Квалификациянын жана билим жөнүндө дипломдордун ачыктыгын жана салыштырылышын камсыз кылуу, уюмга мүчө мамлекеттердин билим берүү мекемелери, уюмдары тарабынан берилген билим берүү жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтердин эквиваленттүүлүгүн таануу жана аныктоо механизмдерин түзүү ж.б. маселелер каралган.

2010-жылдын апрелинде мүчө мамлекеттердин базалык 53 ЖОЖдон турган Шанхай кызматтташтык уюмунун университетин (ШКУУ) ачуу тууралуу меморандуму кабыл алынган. Университет бүгүнкү күндө бир катар адистерди даярдоо багыттары боюнча биргелешкен магистрдик программаларды ишке ашыруучу мүчө мамлекеттердин алдыңкы университеттерин камтыган тармактык окуу жайы болуп саналат. [19, с. 15-17] Тармактык университеттин алкагында бир канча илимий-билим берүү багытындагы иш-чаралар уюштурулууда. Алсак, “Алдыңкы университеттердин ректорлорунун форумдары”, “Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин билим берүү жумалыгын", [20] “Мүчө мамлекеттердин мамлекеттик кызмат академияларынын ректорлорунун форумдарын” [21, с. 420] илимий-педагогикалык форумдарды, илимий конференциялар жана симпозиумдарды айтсак болот. Аталган ири иш-чараларды өзгөчө бөлүп көрсөтүү керек. Анткени, мамлекеттик билим берүү органдарынын жетектөөчү кызматкерлери менен катар алдыңкы жогорку окуу жайлардын көптөгөн көрүнүктүү өкүлдөрүнүн катышуусунун негизинде бир катар агартуу багытындагы долбоорлор ишке ашырылууда.

Тармактык университеттин 2015-2016-жылдарга карата түзүлгөн планына ылайык, ЖОЖдор аралык илимий кооперацияны кеңейтүү максатында студенттердин жана илимий-педагогикалык кызматкерлеринин академиялык мобилдүүлүгү активдеше баштаган. Академиялык мобилдүүлүктүн негизинде Кытайда окуган кыргызстандык студенттердин саны өсүүдө. Жыл сайын бюджеттик негизде КЭР өкмөтүнүн стипендиясын пайдалануу менен 700гө жакын кыргызстандык – бакалавр, магистр, докторант, стажерлор Кытайдан билим алууда. [22, с. 194] 2020-жылы Кытайда окуган кыргызстандык студенттердин жалпы саны 10 000ден ашкан.

Кытайдан кыргыз тилин өздөштүрүп, академиялык өз ара алмашуу программаларынын негизинде Кыргызстанга келип билим алган Кытай жарандарынын саны да көбөйүүдө. Бүгүнкү күндө Кытайда үч университетте кыргыз тили окутулат: 1) Пекин Чет тилдер университети; 2) Борбордук улуттар университети; 3) Шанхай чет тилдер университети. Кыргызстанда окуган кытайлык студенттердин саны 2021-2022-окуу жылындагы 216 адамдан 2022-2023-окуу жылында 399 га чейин көбөйүп, мурунку жылга салыштырмалуу 84,7% га өскөн. [23, с. 46-48] Ал эми 2023-2024-окуу жылында мурунку жылга салыштырмалуу 399 адамдан 494кө көбөйгөн [24]. (Кыргызстандын жогорку

окуу жайларында билим алган Кытай Эл Республикасынан келген студенттердин саны №2 таблицада берилген).

**Таблица 2. Кыргызстанда билим алган Кытай Эл Республикасынын жарандарынын саны**

| Жыл | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Студенттердин саны** | 539 | 433 | 385 | 255 | 267 | 187 | 269 | 273 |
| **Жыл** | **2018** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** | **2023** | | |
| **Студенттердин саны** | 220 | 204 | 99 | 216 | 399 | 494 | | |

Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитетинин берген маалыматтарынын негизинде Кыргызстандын аймагындагы ЖОЖдорго 2010-жылдан 2023-жылга чейинки Кытайдан келген студенттердин саны көрсөтүлгөн. [24] 2-таблицага ылайык, Кыргызстанда окуган Кытай жарандарынын санынын өсүүсү байкалат. Себеп катары эки өлкөнүн ортосундагы билим берүү багытындагы байланыштардын өнүгүүсүн көрсөтүүгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы билим берүү алкагындагы кызматташууну өнүктүрүү адамзатынын билимдүү, интеллектүү жана маданияттулугунун жогорку деңгээлин камсыз кылуучу социалдашуу маселелеринде жагымдуу чөйрөнү калыптандырууга салымын кошууда. Ошол менен бирге, билим берүү тармагындагы мамилелер эки мамлекеттин ортосундагы саясий, экономикалык, аскердик, этностор аралык жана башка багыттагы кызматташууларда жылуу мамилелерди кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө да көмөк көрсөтүүдө деп айтууга болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Сатыбалдиева А.Б. Бүткүл дүйнөнү бирдиктүү билим берүү процессине интеграциялоо шартында маданияттар аралык коммуникациянын функционалдык аспектилеринин көп түрдүүлүгү // Вестник КНУ. – Бишкек, 2024, №1 (117), 55-59-бб.
2. Акунов А.А. Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы көп тараптуу жана эки тараптуу дипломатиясы // Шанхай кызматташтык уюмунун өнүгүү тарыхынын маселелерин комплекстүү изилдөө: ЖОЖ студенттери ү-н кошумча окуу куралы. – Бишкек, 2014, 23-56-бб.
3. Омаров Н.М. Внешняя политика Кыргызской Республики в эпоху «стратегической неопределенности». – Бишкек: Илим, 2005, 320 с.
4. Культурно-гуманитароное сотрудничество Кыргызстана с КНР. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 5109, т. 25, л. 50.
5. Айтбаева Р., Касимова Н. Гуманитарное сотрудничество стран ШОС. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/gumanitarnoe-sotrudnichestvo-stran-shos/viewer – Загл. с экрана.
6. Институты Конфуция как инструмент «мягкой силы» в культурной дипломатии Китая в Кыргызстане / Ж.О. Омурова, Ю.А. Лысенко, А.М. Кылычев // Вестн. Волгоград. гос. ун-та. Сер. 4: История. Регионоведение. Междунар. Отношения, 2023, т. 28, № 2, с. 226-239.
7. Институт Конфуция БГУ. – Режим доступа: https:// www.bhu.kg/structure/institutes/confucius-institute – Загл. с экрана.
8. В День знания в Бишкеке состоялось открытие Института Конфуция. – Режим доступа: https://www.kp.kg/daily/24354.4/541065/ – Загл. с экрана.
9. Кыргызско-Китайский факультет. – Режим доступа: https://www.oshsu.kg/ru/page/108 – Загл. с экрана.
10. Основные факторы «мягкой силы» Китая в Центральной Азии / Е. Керимбаев, Н. Мухаметханулы, А. Тургенбай, З. Набижанкызы // Central Asia and the Caucasus» Russian edition. – Швеция, 2020, т. 23, № 1, с. 22-35.
11. Михневич С.В. Мудрец помогает Поднебесной: развитие сети Институтов Конфуция как инструмент реализации политики «мягкой силы» КНР в Большой Восточной Азии // Вестн. Междунар. организаций. – Москва, 2015, т. 10, № 1, с. 80-117.

12. Казакбаев Р.А. Выступление министра иностранных дел Кыргызской Республики Р.А. Казакбаева. На международной научно-практической конференции, посвященной 30-летию установления дипломатических отношений между Кыргызской Республикой и Китайской Народной Республикой // Вестник Дипломатической академии Министерства иностранных дел Кыргызской Республики имени Казы Дикамбаева. – Бишкек, 2021, №15, с.131-137.

13. Sultanova B. Çin'in yumuşak güç politika uygulaması: Kazakistan-Kırgızistan örneği. – Режим доступа: http://nek.istanbul.edu.tr:4444/ekos/TEZ/ET002515.pdf. – Загл. с экрана.

14. Чжао С. Деятельность КНР по международному продвижению китайских языка и культуры. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/deyatelnost-knr-po-mezhdunarodnomu-prodvizheniyu-kitayskih-yazyka-i-kultury/viewer. – Загл. с экрана.

15. Дэвэнь Д. Выступление Чрезвычайного и полномочного посла Китайской Народной Республики в Кыргызской Республике Ду Дэвэнь на международной научно-практической конференции, посвященной 30-летию установления дипломатических отношений между Китайской Народной Республикой и Кыргызской Республикой // Вестник Дипломатической академии Министерства иностранных дел Кыргызской Республики имени Казы Дикамбаева. – Бишкек, 2021, №15, с.143-150.

16. Инвестиционная деятельность КНР в Кыргызской Республике / Ж.О. Омурова, Т. Шаршембиева, А. Шаршенбек кызы // Мировая экономика и междунар. отношения, 2024, т. 68, № 4, с. 77-86.

17. Соглашение между правительствами государств-членов Шанхайской организации сотрудничества о сотрудничестве в области образования // СопуеПюм. – Режим доступа: http://www.conventions.ru/view_base.php?id=1497 – Загл. с экрана.

18. Ди Хай. Сотрудничество в области образования в рамках ШОС // Шанхайская организация сотрудничества: от становления к всестороннему развитию: материалы Третьего заседания форума ШОС, Китай, г. Пекин, 19-21 мая 2008 г. / под ред. А. В. Лукина. – М.: МГИМО, 2008. – 147 с.

19. Филиппов В.М., Сунь Ю. Роль университета Шанхайской организации сотрудничества в сопряжении образовательных пространств Евразии // Государственная служба, 2015, № 6(98), с. 15-17.

20. Сетевые университеты. Дайджест, декабрь 2020. – Режим доступа: https://www.hse.ru/data/2021/01/13/1347232382/%.pdf – Загл. с экрана.

21. Цвык Г.И. Российско-китайское гуманитарное сотрудничество в рамках ШОС // Вестн. Рос. ун-та дружбы народов. Сер.: Междунар. Отношения, 2018, вып. 2, с. 415-428.

22. Цзян Ц. Гуманитарное сотрудничество между Китаем и Кыргызстаном // Вестник КРСУ, 2024, т. 24, № 10, с. 192-199.

23. Ханьцин Ч., Сюемэй В., Айся Т. Исследование путей сотрудничества между Китаем и Кыргызстаном в области высшего образования // Известия Волгоградского государственного педагогического университета, 2024, № 4(187), с. 46-59.

24. Численность студентов из стран вне СНГ во впузах // Образование и культура. – Бишкек: Нацстаткомитет КР. – Режим доступа: https://stat.gov.kg/ru/statistics/obrazovanie/. – Загл. с экрана.

**Рецензент: т.и.к., доцент Садырова З.Т.**